БЕКИТИЛДИ
2021-жылдын «31» мартындагы
№ 88/2 буйругу менен

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

---

## SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси

## ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

## 1. Киришүү

1. SOS Герман Гмайнер ОТКсы мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү ( 0-I-II-III-баскычтар).

2. SOS Герман Гмайнер ОТКсы негизги билим берүүнүн мектепке чейинки, башталгыч, негизги, жалпы орто билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

-Уюштуруучулар: "Кыргызстан SOS балдар үйү " коомдук фонду, Бишкек шаардык мэриясы.

### БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

| | |
|---|---|
| 1. Билим берүү уюмунун аталышы | SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси |
| 2. Юридикалык дареги | Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, А. Токтоналиев көчөсү 137-А |
| 3. Жайгашкан жери | Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, А. Токтоналиев көчөсү 137-А |
| 4. Билим берүү уюмунун жетекчисинин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары | Тенизбаева Светлана Бакировна 0777 551157, 0551 654545. |
| 5. Камкордук кеңешинин төрагасынын аты-жөнү жана байланыш маалыматтары | ----- |
| 6. Ата-энелер комитетинин аты-жөнү жана байланыш маалыматы | Аземова Гульнара Женишбековна 709 820 |
| 7.Менчик формасы: | жеке |
| 8. Билим берүү уюмунун статусу: | орто мектеп (окуу-тарбия комплекси) |
| 9.Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери | ЖИН 00805200210198 |

3.SOS Герман Гмайнер ОТКсынын миссиясы;

Окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги аркылуу терең билим берүү менен билим сапатын жогорку көрсөткүчкө жеткирүү. Өзгөрүлмө шартка ыкчам ылайыкташкан, алган билимин турмушта колдоно ала турган компетенттүү, ар тараптуу өнүккөн кайрымдуу, боорукер, мекенчил инсанды тарбиялоо. Жашоо шарты, ден соолугу, окуу

мүмкүнчүлүгү ар кандай болгон окуучуларга бирдей шарт түзүлгөн инклюзивдик, социалдык мектеп.

4. SOS Герман Гмайнер ОТКсынын жетекчиси: Тенизбаева Светлана Бакировна
777 157, 0551 654545. Svetlana.Tenizbaeva@soskyrgysztan.kg

5.Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги
Кесиптик билим берүү тармагында билим берүү ишкердигин жүргүзүүгө укук берүүчү Лизензия №LB145000132

6. SOS Герман Гмайнер ОТКсы кезектеги аккредитация 2019-2020-жылы февраль айында башталып, COVID-19га байланыштуу өзгөчө кырдаал киргизилгенде 2020-2021-окуу жылына шарттуу аккредитациялоого буйрук чыккан.

7. SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси, Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, А. Токтоналиев көчөсү 137-А, факсы:+996(312)547938, индекси: 720044, тел: (0312) 54-52-03, сайты: https://hermanngmeiner.mektebim.kg/

## 2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| | **1. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ** | | |
| 1.1 | Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана кызыктар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык келет.<br>Окуу планы Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгынын 2020-жылдын 24-августу, каттоо № 066-0.<br>Терендетип окуутуну камсыздаган окуу предмети немец тили. Мектептик компонент: 5,8-кл. | • Билим берүүнүнУставы<br>• Билим берүүнүн (каттоо күбөлүгү)<br>• Кутбилим-Базистик план<br>• Бекитилген Базистик план<br>• Тарификация<br><br>• УБнын протоколдору<br>• Немец тили боюнча программа, календардык пландар<br>• Немец тили боюнча тил дипломдору ( A2, DSD1 B1, DSD 2 B-2, C-1) |
| 1.2 | Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү | Окуу-методикалык камсыздоо билим берүү стандартынын жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө толугу менен ылайык келет. ОТК мезгил-мезгили менен ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын билим берүү программасын өркүндөтүү максатында алардын керектөөлөрүн жана канааттандыгын сурамжылоо аркылуу жүргүзүлүп турат. Чогултулган маалымат жыйынтыкталып, анализделип отчет түрүндө берилет. Отчеттун жыйынтыктары жана сунуштары окуу-тарбия процессин жакшыртуу үчүн корректировка киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. 2015-жылдан 2020-жылга чейин билим сапатынын жогорулашы муну тастыктап турат. Окуу жылынын ичинде билим сапатынын денгээлине мониторинг жүргүзүлүп турат. Окуучулардын предметтер боюнча билим, билгичтик жана көндүдөрү старттык, жарым жылдык, жылдык | • Календарлык план<br>• 2019-2020-о.ж. анализи<br>• Тренингдер<br>• Тышкы баалоонун жыйынтыктары (ЖРТ, УТБ)<br>• Сурамжылоо, анкетирлөө<br>• Чейректик, жарым жылдык, жылдык отчеттор<br>• Ачык сабактардын пландары<br>• Ийримдердин расписаниясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | текшерүү иштер аркылуу жүргүзүлөт. Алардын жыйынтыгы ОТКнын билим сапатынын көрсөткүчүнүн обьективдүү абалын көрсөтөт. Каталар менен иштөө өз учурунда окуучулардын билиминдеги жетишпегендиктерди жоюуга мүмкүнчүлүк берет. Аларды жоюу боюнча төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлөт.<br>• Администрация тарабынан сабактарга катышуу. Аларга анализ берүү<br>• Кайтарым байланыш<br>• Өз ара сабактарга катышуу<br>• Билим сапатын көтөрүү боюнча методикалык тренингдерди өтүү<br>• Инклюзивдик билим боюнча тренингдерди өтүү<br>• Шаардык мектептердин семинар-тренингдерине катышуу<br>• Ачык сабактардын базасын түзүү<br>• Мастер класстарды өтүү<br>• Волонтерлор менен иштөө<br>Методикалык изилдөө<br>• Байкоо жүргүзүү<br>• Сурамжылоо<br>• Тестирлөө<br>• Диагностикалоо<br>• Мониторинг<br>• Моделдөө<br>Билим берүү сапатынын мониторинги чейрек сайын өткөрүлгөн педкенешмелерде, 2019-2020-окуу жылынын педагогикалык анализинде көрсөтүлгөн. Мониторингдер сандык жана диаграммалык түрдө түзүлөт. Окуучулардын билим сапатынын динамикасы, кемчиликтери, жетишкендиктери ар бир предмет боюнча чагылдырылат. Жыйынтыгында окуу процессин жакшыртуунун пландары кабыл алынат. Мисалы: 1-“3”,1-“4”,1-“5” чыккан окуучулардын тизмеси түзүлүп алар менен индивидуалдуу иш алынып барат. Ата-энелер менен байланыш түзүлүп, окуучунун ийгилиги үчүн чогуу аракеттенишет. Кошумча сабактарга катышууга сунуштар берилет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1.3 | Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу – методикалык адабияттардын фонду) болушу | Жалпы окуучулардын саны:-716.<br>Тарбиялануучулардын саны:-76.<br>Окуу китептер менен камсыз болушу 95 %<br>• Көркөм адабият-5453<br>• Окуу фонду–9210<br>• Методикалык адабияттардын фонду-1500<br>Китепкананын фонду ар жыл сайын демөөрчүлөрдүн жана КРнын Билим, илим министрлигинин жардамы менен толукталып турат. Интернет бар, ОсОО Элькат компаниясы каржылайт. Электрондук күндөлүк колдонулат. Китепкананы толук электрондоштуруу боюнча иштер көрүлүп жатат. Интернет булактарынын бардык каражаттары колдонулат. Мисалы:MS Word, MS Excel, MS Power Point, MS Acces, Adjbe Photoshop, Corel Draw, Python, HTML, CSS. Окуучулар сабакта өздөрүнүн билимин компьютердин жардамы менен баалай алышат, он-лайн тестирлөөгө катышышат. 2018-2019- окуу жылынан баштап ОТК да 3D моделирования боюнча ийрим ачылган. Ага 60 окуучу катышат. 1 мугалим 3D моделирование боюнча окуудан өтүп, сертификат алды. Мугалимдер үчүн ай сайын IT технологияны колдонуу боюнча тренингдер өтөт. | • Комплектөө<br>• Инвентардык китеп<br>• Китепкананын жарым жылдык отчету<br><br>• ОсОО Элькат компаниясы менен келишим |
| 1.4 | Билим берүү программасынын жана окуу-методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун | Билим берүүнүн программаларынын аткарылышы, билим сапатынын мониторинги ар бир чейректин башында диагностикалык тест алуу, ал эми чейректин аягында жыйынтыктоочу тест аркылуу жүргүзүлөт. Экинчи жарым жылдыктын аягындаУТБ аркылуу тышкы баалоо жүргүзүлөт. Анын жыйынтыктары менен ата-энелер тааныштырылат, мугалим менен бирдикте окуучунун ийгилигин арттыруу боюнча чейрегинен 1 “3”, 1 “4”, 1 “5” чыккан окуучулар менен биргеликте иштиктүү индивидуалдык план түзүлөт. Талантуу балдар менен,олимпиадалык резерв менен иштөө планы түзүлгөн. Аппеляция боюнча жобо бар. Эгерде окуучу алган баасына канааттанбаса, аппеляция жолу менен комиссияга кайрыла алат. | -УТБнын жыйынтыгы<br>-2019-2020-о.ж. окуу-тарбия планынын анализи<br>-Чейректик отчеттор<br>-Ийримдердин иш планы<br>-Аппеляциялык жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | колдонуудагы механизминин болушу | | |

**Күчтүү жактар:**
ОТКнын миссиясы мамлекттик стандартка ылайк түзүлгөн. Мамлекеттик стандарттын аткарылышына, баалоонун жүргүзүүлүшүнө, окуучулардын жетишүүсүнө мониторинг талапка ылайык жүргүзүлөт. Мектептик компоненттен 5-8-класска, ал эми бала-бакчадан баштап 11-класска чейин немец тилин тереңдетип окутуу менен тил дипломдоруна (A-1, A-2, B-1, B-2, DSD-1, DSD -2) ээ болууга мүмкүнчүлүк берет. Билим сапатынын өсүшү баалоонун обьективдүү жүргүзүлүшү (НЦОКО, ЖРТ) түрткү берип, акыркы 5 жылдын ичинде билим сапаты 53%-57% өскөн. Окуучулар окуу китептери менен акысыз камсыздалат. Мугалимдер окуу-методикалык база менен толук камсыздалган. Окуучулар үчүн физикалык-психологиялык маалыматтык коопсуз чөйрө түзүлгөн.

**Алсыз жактар:**
ОТКнын окуучулар контингентинин 49% социалдык топту түзгөндүгүнө байланыштуу билим сапатын мындан да жогорку көрсөткүчкө тездик менен жетүүгө мүмкүнчүлүктүн аздыгы. Себеби ден соолугу, жашоо шарты, психологиялык-эмоционалдык абалы көп эмгекти талап кылат. Мамлекеттик стандартагы китептердин сатыкка кеч чыгышы.

**2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу | ОТКнын бардык иш пландарында, программаларында окутуунун максаты коюлган. Мугалимдердин бардыгы сабактын максатын окуучунун позициясынан коюну билишет. Сабактын максатын окуучунун позициясынан коюу алардын предметтик компетенттүүлүгүн калыптандырат. Максат конкреттүү, кыска, так жана ченемдүү болуш керек. Окуучу сабакта эмнеге? окуп үйрөнүшүн так билиши керек. Максаттарга жетүү үчүн конкреттүү көрө алган убакыттык масштаб маанилүү. Ошол эле учурда максат күтүлүүчү натыйжаны бериш керек.<br>Усулдук бирикменин жетекчилери, администрация мугалимдердин сабагына байкоо жүргүзүүдө бул маселеге зор көңүл бурушат. Сабактын максаты сөзсүз түрдө көрүнүктүү жерге илинет. Сабактын компетенттүү максаттарынын коюунун бир ыкмасы бул SMART - критерийлер деп аталат. SMART – англис сөздөрүнөн турган аббревиатура, алар коюлган максаттар кандай болуш керек экендигин көрсөтүп турат.<br>• S (Specific)- конкреттүү | • Сабактын планы (үлгүсү)<br>• Сабакка байкоо жүргүзүү барагы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • M (Measurable)-өлчөнүүчү<br>• A (Attainable)-ишке аша турган<br>• R (Result-oriented)-реалдуу<br>• T (Time-bounded)-ишке ашыруу мөөнөтү | |
| 2.2. | Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу | – Математика, физика, химия, биология, география, информатика, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, чет тили (немец тили, англис тили)сабактарында интерактивдүү такталар, проекторлор, компьютерлер, ноутбуктар, интернет, коммуникация жаны материалдарды түшүндүрүү, окуучунун жетишкендигин баалоо тестирлөөдө колдонулат. Окуучулар дагы  маалыматтык-технологияларды пайдаланышат. Пайдалануу 100% түзөт. Информатика сабагы 3-класстан баштап киргизилет. Окуучулар информатика сабагы боюнча шаардык олимпиадаларга катышышат, Информатика мугалимдери интернет булактарынын бардык каражаттарын колдонуп сабак беришет (MS Word, MS Excel,MS Power Point,MS Acces,Adjbe Photoshop, Corel Draw, Python, HTML, CSS).<br>Окуучулар сабакта өздөрүнүн билимин компьютердин жардамы менен баалай алышат, он-лайн тестирлөөгө катышышат. 2019-2020- окуу жылынан баштап ОТКда 3D моделирования боюнча ийрим ачылган. Ага 60 окуучу катышат. 1 мугалим  3D моделирование боюнча окуудан өтүп , сертификат алды.<br>Мугалимдер үчүн ай сайын  IT технологияны колдонуу боюнча тренингдер өтөт.<br>2019-2020-окуу жылынын март айында онлайн форматында окууга өтүү  мугалимдер үчүн кыйынчылык жаралган жок. Алар дароо эле ZOOM, W/A, электрондук күндөлүк платформалары аркылуу сабак өтүп жатышат. КРнын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан дистанттык билим берүүнүн алкагында телесабактарды уюштуруудагы салым кошкон мугалимдер бар. | • IT технологияларды колдонуу боюнча тренингдер (программалар, сертификаттар)<br>• Долбоорлор:<br>-ЮСАИД –« Сапаттуу билим», «Бирге окуйбуз», «Керемет окуу».<br>-ЮНЕСКО - физика, химия сабактарында интерактивдүү методдорду колдонуу<br>-СОРОС - инклюзивдик билим берүү<br>-Айбилим<br>-Таалим-Форум<br>-Электрондук күндөлүк<br>-Афлатун- фин.сабаттулук<br>-Кыргыз тест-Мамлекеттик тилди билүү<br>-Mini ches- шахмат 1-кл.<br>-Баластан –интерактивдүү журнал |
| 2.3. | Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо | ОТКнын жалпы ата-энелер жамааты окутуу жана тарбиялоо процессине өтө активдүү катышат.   Ата-энелердин чогулушунда бул маселелер каралат. Андан башка дагы ата-энелерден сурамжылоо, анкеттирлөө жолдору менен кайтарым байланыш | • Сурамжылоо, анкетирлөө<br>• «Илимий» УБнын планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кайтарым байланыш механизминин болушу | жүргүзүлөт. Бул иштер системалуу түрдө жүргүзүлөт. Былтыркы окуу жылынан баштап, «Электрондук күндөлүк» платформасы киргизилген. Азыркы күндө ар бир ата-эне өзүнүн баласынын кандай окуп жаткандыгына жана мугалимдин кандай сабак берип жаткандыгын көзөмөлдөй алат. Ата-энелер сунуштары менен түздөн-түз администрацияга кайрыла алышат. Администрациянын ишеним телефон номерлери көрүнүктүү жерлерге илинген. ж.о.э. окуучулар дагы, ата-энелер дагы мектептин психологуна кайрыла алышат. Психолог мугалимдерге сунуштарын берет.<br>Мугалимдердин ар бирөөсүнүн өз ара сабактарга катышуу журналдары бар. Сабактардын өтүдө ар кандай методдорду колдонуу, коректировка киргизүү, баалоо УБнын жана «Илимий» УБнын отурумдарында каралат. | |
| 2.4 | Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу | Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасынын обьективдүү жана ачык айкын болушу билим сапатын көтөрүүдөгү эн эффективдүү инструмент болуп саналат. Ошондуктан мугалим менен окуучунун ортосунда тен укутуулук жана жоопкерчилик болуш керек. Ал үчүн мугалимдер баалоонун традициялык баалоонун формаларын колдонбостон инновациялык ыкмаларды колдонушат. Байкоо жүргүзүү, портфолио, эссе, тест, презентациялар, өзүн-өзү баалоо, топтогу баалоо, бирин-бири баалоо, кыска диктанттар ж.у.с. Ошондой эле формативдик баалоо, диагностикалык баалоо, суммативдик баалоо жүргүзүлөт.<br>Окуучулардын жетишкендиктерин, көндүмдөрүн баалоо үчүн мугалимдер тарабынан баалоо критерийлери колдонулат.<br>Акыркы 5 жылдын жыйынтыгы боюнча жетишпеген окуучу жок.<br>11-класстар:<br>2015-2016-окуу жылында -17,<br>2016-2017-окуу жылында 19,<br>2017-2018-окуу жылында -23,<br>2018-2019-окуу жылында -23<br>2019-2020-окуу жылында-16 бүтүрүүчү | • Диагностикалык, формативдик, суммативдик<br>• Баалоо критерийлери<br>• Байкоо жүргүзүү<br>• Тест<br>• Презентация<br>• Долбоор менен иштөө<br>• Эссе<br>• Портфолио<br><br>• Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын протоколдору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ал эми 9-класстар:<br>2015-2016-окуу жылында -41,<br>2016-2017-окуу жылында 33,<br>2017-2018-окуу жылында -39,<br>2018-2019-окуу жылында -43<br>2019-2020-окуу жылында-47 бүтүрүүчү,<br>Бүтүрүүчүлөрдүн жетишүүсү 100% түзгөн. Бардык бүтүрүүчүлөр орто жана негизги билими жөнүндөгү документ менен камсыз болушкан. | • Аттестат жана күбөлүк берүүчү китепче |
| 2.5. | Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу | ОТК мезгил-мезгили менен ата-энелердин, мугалимдердин, окуучулардын билим берүү программасын өркүндөтүү максатында алардын керектөөлөрүн жана канааттандыгын сурамжылоо аркылуу жүргүзүлүп турат. Чогултулган маалымат жыйынтыкталып, анализделип отчет түрүндө берилет. Отчеттун жыйынтыктары жана сунуштары окуу-тарбия процессин жакшыртуу үчүн корректировка киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. 2015-жылдан 2021-жылга чейин билим сапатынын жогорулашы муну тастыктап турат. Окуу жылынын ичинде билим сапатынын денгээлине мониторинг жүргүзүлүп турат. Окуучулардын предметтер боюнча билим, билгичтик жана көндүм старттык, жарым жылдык, жылдык текшерүү иштер аркылуу жүргүзүлөт. Алардын жыйынтыгы ОТКнын билим сапатынын көрсөткүчүнүн обьективдүү абалын көрсөтөт. Каталар менен иштөө өз учурунда окуучулардын билиминдеги жетишпегендиктерди жоюуга мүмкүнчүлук берет. Аларды жоюу боюнча төмөнкүдөй методикалык иштер жүргүзүлөт.<br>• Администрация тарабынан сабактарга катышуу. Аларга анализ берүү<br>• Кайтарым байланыш<br>• Өз ара сабактарга катышуу<br>• Билим сапатын көтөрүү боюнча методикалык тренингдерди өтүү<br>• Инклюзивдик билим боюнча тренингдерди өтүү<br>• Шаардык мектептердин семинар-тренингдерине катышуу | • Окуу-тарбия иштери боюнча 2019-2020-о.ж. анализи.<br>• Апелляция жөнүндө жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Ачык сабактардын базасын түзүү<br>• Мастер класстарды өтүү<br>• Волонтерлор менен иштөө<br>Методикалык изилдөө<br>• Байкоо жүргүзүү<br>• Сурамжылоо<br>• Тестирлөө<br>• Диагностикалоо<br>• Мониторинг<br>• Моделдөө | |
| 2.6. | Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу | "Билим берүү мыйзамына" ылайык мекеме билим берүүнүн катышуучуларынын (окуучулар, мугалимдер, кызматкелер), коопсуз билим чөйрөсүндө сапаттуу билим алышына ыңгайлуу шарттарды түзүүгө милдеттүү.<br>SOS Герман Гмайнер ОТКсы 2002-жылы курулган. Эксплуатациялык мөөнөтү 19 жыл. ОТК 2 имараттан турат. Мектеп 2 кабаттуу, бала-бакча 1 кабаттуу.<br>• Жер аянты-11111,2м$^2$<br>• ОТКнын жалпы ички аянты-2081м$^2$<br>• Жалпы ички аянтын 1 окуучуга бөлүнүшү-5,8м$^2$<br>• Окуу кабинеттердин саны жана аянты-26 кабинет, 1674м$^2$<br>• Дене тарбия залы жана аянты-372,3м$^2$<br>• Ашканадагы отуручуу орундардын саны-150<br>• Өрт өчүрүүчү сигнализациянын болушу-бар<br>• Өрт өчүрүүчү каражаттар (огнетушитель-16, пожарные щиты-2)<br>• Коопсуздук кызматкерлердин саны-3<br>• Коркунучту билдирүүчү баскыч (тревожная кнопка)-1<br>• Видео көзөмөл-16 (мектеп -12, бала-бакча-4)<br>• ОТКнын айланасындагы тосмолор-бар<br>Мектепте 20 окуу кабинети ТСО (проектор, телевизор, ноутбук жана окуу эмеректери) менен жабдылган.<br>5 окуу кабинети интерактивдик доска, принтер, ноутбук жана окуу эмеректери менен жабдылган. Окуу-тарбия процессинде IT | • Тех паспорт<br>• Эвакуация планы<br>• Штаттык расписание<br>• Ашкананын менюсу жана тамактануунун графиги<br>• Техникалык-коопсуздук журналы<br>• Кабинеттердин паспорттору<br>• Коопсуздук кызматкерлердин функционалдык милдеттери<br>• Психологдун иш планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | технологиялык ыкмалар менен сабак беүү үчүн 1 компьютердик класс:16 компьютер, 37 ноутбук, планшет 2, видео фотоапарат 1, принтер 3D 3, документ камера 1, проектордун саны 12, ксерокс принтер 13, телевизор 10, интерактивдүү глобус 2 бар.<br>Компьютерлердин бардыгы Интернет булактарына туташтырылган. Химия, физика кабинеттеринин лабороториялары бар. Эмгек сабагы тигүүчү машинкалар менен жабдылган. Окуу кабинеттеринде, коридорлордо ысык, муздак суу киргизилген раковиналар жана электрдик сүлгүлөр бар.<br>Дааратканалар ОТКнын ичинде (внутренние) жайгашкан, бардык шарттар бар. Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн дагы пандус, даараткана бар. Медициналык айым иштейт.<br>Окуучулардын жана бардык кызматкерлердин ден соолугуна дайыма көзөмөл жүргүзүлүп турат. Ашкана, спорт зал, химия, физика, эмгек кабинеттеринде медициналык аптечка бар.<br>Азыркы учурда бардык окуучулардын саны-716, бардык кызматкерлердин саны-80. Баардыгы 100% ысык тамак менен камсыздалган. Меню санитардык-гигеналык нормага ылайык түзүлөт. Билим берүүнүн катышуучуларынын бардыгына сапаттуу психологиялык кызмат көрсөтүлөт. Психолог штаты каралган жана кабыл алуу үчүн жабдылган бөлмөсү бар.<br>Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн ресурстук жана сенсордук бөлмөлөр бар. Дене тарбия сабактары үчүн спорт зал, заманбап 1 футбол аянтчасы, 1 баскетбол аянтчасы, беговая дорожка, тенисттик такталар, керектүү шаймандар (топтор, сеткалар, шведдик такталар, матрацтар, козел, турниктер, канат ж.б.у.с.) бар. ОТКнын жалпы коопсуздугун сактоо боюнча Октябрь райондук ИИБсынын коопсуздук бөлүмүнө катталган.<br>Бала-бакчадагы тарбиялануучулардын жалпы саны-76. Ар бир тайпа 25-26 баладан турат. 3 тайпа бар: орто, жогорку,даярдоо.<br>Бала-бакчанын ички аянты-643,6м$^2$<br>Сабак өтүүчү бөлмөлөрдүн саны-160м$^2$<br>Уктоочу бөлмөлөрдүн саны-65,8м$^2$<br>Музыкалык кабинеттин аянты-91,6м$^2$<br>Логопеддин кабинетинин аянты-38м$^2$ | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жарандык коргоону жана жаратылыш кырсыктарын алдын алуу боюнча иш-чаралар иштелип чыккан. Бекитилген эвакуация планынын негизинде окуулар өткөрүлүп турат. Жылуулук системасы электро энергиянын жардамы менен иштейт. Аны тейлеген мастер бар, бала-бакча жаратылыш газы менен жылытылат.ОТК жылуу, жарык, заманбап мекеме. Ар бир окуучу үчүн коопсуз чөйрө түзүлгөн. | |
| 2.7. | Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы | Окуучулардын билимдери ар бир сабакта объективдүү бааланып чейрек сайын педкеңешмеде талдоо жүргүзүлөт. Ата-энелер чогулуштарында жыйынтыктары чыгарылып,билдирилет. Мектептин тактасына мониторингдер илинип, ар бир класстын класстык бурчуна илинет.<br>5 жыл ичинде билим сапатынын көрсөткүчтөрү:<br>2015-2016-окуу жылында - 53,8%<br>2016-2017-окуу жылында - 54,9%<br>2017-2018-окуу жылында -58%<br>2018-2019-окуу жылында -55%<br>2019-2020-окуу жылында-57%<br>Мектепте билим сапатынын өсүшүнүн себеби бардык мугалимдер сабактын планынын максатын окуучунун позициясынан коюуга үйрөнүштү. о.э. баалоонун ар түркүн ыкмаларын (диагностикалык, формативдик, суммативдик) колдоно алышат. Инновациялык ыкмаларды пайдаланып (топ менен иштөө, топторду баалоо, өзүн-өзү баалоо ж.б.у.с.), интерактивдик сабактарды өтүү, педагогдорду мотивациялоо (Айдын мыкты мугалими) жолго коюлган. Шахмат сабагы предмет катары киргизилген. Кошумча билимдердин жана атайы курстардын стабилдүү иштеши (география, химия, тарых, биология, физика, кыргыз тили, чет тили (анг.тили ,немец тили) шахмат, хореография, ЛФК, вокал, ИЗО, комуз, психология, 3D моделдөө, футбол) жыйынтык берип келүүдө. Таланттуу балдар жана чейрегинен 1 “3”, 1 “4”, 1 “5” чыккан окуучулар менен иштөө жөнгө салынган. Ар кандай тышкы баалоолорду: НЦОКО, ЦООМО, Сапат, Аракет, Zdf, Билимкана,райондук, шаардык, республикалык олимпиадаларга катышуу, мугалимдердин | • 2019-2020-о.ж. анализи<br>• Тышкы баалоо<br>• ЦООМО келишим<br>• НЦОКО сайт<br>• Атайы курстардын планы, журналы<br>• Сабактын планы<br>• Сабактын анализи<br>• Баалоонун критерийлери<br>• Мониторинг «Айдын мыкты мугалими»<br>• Тышкы баалоонун жыйынтыктары<br>• Олимпиаданын жыйынтыктары<br>• ЦООМОнун жыйынтыктары<br>• Чейректик мониторингдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | чеберчилигин жогорулатуу, окуу китептерине бюджеттен көбүрөөк финансы бөлүштүрүү. ТСО менен камсыз кылуу акыркы 5 жылда билим сапатын көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берди.<br>5 жыл ичинде ЖРТнын жыйынтыгынын орточо көрсөткүчү:<br>2015-2016-окуу жылында эң жогорку балл-208 орточо көрсөткүч 119 балл.<br>2016-2017-окуу жылында эң жогорку 183 балл, орточо көрсөткүч 144 баллды түзгөн.<br>2017-2018-окуу жылында эң жогорку 182 балл, орточо көрсөткүч 132.6 балл.<br>2018-2019-окуу жылында эң жогорку 179 балл, орточо көрсөткүч 140 балл<br>2019-2020-окуу жылында эң жогорку 210 балл, орточо көрсөткүч 144 балл.<br>2015-2016-окуу жылында колдоно билүү көндүмдөрүн калыптандыруу максатында ЖРТга даярдануу боюнча ЦООМО менен келишим түзүлүп, жыл сайын окуучулар алдын ала тесттен өткөрүлүшөт.ЦООМО менен жылына эки жолу билим сапатына көз карандысыз мониторинг жүргүзүлөт. ЖРТга даярдануу үчүн кошумча курстар: математика, кыргыз тили, орус тили, немец тили, жумасына 2 жолу өткөрүлөт.<br>5 жыл ичинде "Алтын тамга" боюнча көрсөткүчү<br>2015-2016-Атамбаев Бектур<br>2016-2017-Усеналиев Дастан<br>2017-2018-Наркулова Толгонай<br>2018-2019-жок<br>2019-2020- Абдрасулова Мээрим, Ниязалиева Айканыш<br>2015-2016-о.ж. бүтүрүүчүлөрдүн саны 17 окуучу ЖОЖдо 16, 1 окуучу кесиптик лицейде билим алууда.<br>2016-2017-о.ж. бүтүрүүчүлөрдүн саны 19 окуучу ЖОЖдо 16, 3 окуучу Санк-Петербургда билим алууда<br>2017-2018-о.ж. бүтүрүүчүлөрдүн саны 23 окуучу ЖОЖдо 19, 2 окуучу Германияда, 1окуучу Польшада, 1окуучу аскердик милдетин аткарууга барды. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 2018-2019-окуу жылында бүтүрүүчүлөрдүн саны-23 ЖОЖдо окугандар–20– анын ичинен 1 окуучу Германияда бюджеттик негизде билим алууда. 1 окуучу - аскердик милдетин аткарууга барды,1 окуучу кесиптик лицейде билим алууда. 2019-2020-о.ж. бүтүрүүчүлөрдүн саны-16, ЖОЖдо 14 окуучу, 2 окуучу кесиптик лицейде билимдерин улантууда. Окуучулардын ийгиликтери жөнүндө маалымдоо системасын жакшыртуу максатында заманбап технологияларды (электрондук күндөлук, ZOOM, W/A ) пайдалануу ийгиликти жаратууда. Чейрек сайын класстык ата-энелердин чогулушу өткөрүлөт. Окуучулардын жетишкендиктери жана катышуусу талкууланат. Үлгүлүү окуучуларга жана алардын ата-энелерине ыраазычылык каттар тапшырылат. Чейректин жыйынтыктары класстык бурчтарга илинет. Ата-энелердин чогулушка катышуусу 90% түзөт. | |
| 2.8. | Кызыктар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу | Окуучулар жана ата-энелер арсындагы даттануулар боюнча Кыргызстандагы «SOS Балдар айылдары» кайрымдуулук фондунун Балдарды коргоо саясаты деген документ кабыл алынган. Ал документ боюнча мекемеде “Балдардын укугун коргоо” командасы түзүлөт. Алардын аты-жөнү, байланыш телефону көрүнүктүү жерге илинет. Мектепте “ишеним кутучасы” уюштурулган, ага тушкөн арыздар бир айда бир жолу каралып, тийиштүү чечимдер кабыл алынат. “Ишеним телефондордун” номерлери көрүнүктүү жерлерге илинген. ата-энелердин арыздары боюнча, алар биринчи класс жетекчиге, психологго кайрылышат, андан сон директорго түздөн-түз кайрыла алышат. Директор чечим чыгара албаса, Кыргызстандагы «SOS Балдар айылдары» кайрымдуулук фондунун улуттук директоруна кайрыла алышат. Бирок беш жылдын ичинде, андай кайрылуу бир гана жолу болду. Тийиштүү чечим кабыл алынды. | • ОТКнын Уставы<br>• Профилактикалык кенешме жобо<br>• Балдарды коргоо саясатынын жобосу<br>• Ишенимдүү адамдардын тизмеси, телефондору<br>• Ишеним кутучасы |

**Күчтүү жактар:**

1. Кыргыз тилинде сапаттуу билим берүү.
2. Профессионалдуу, туруктуу жамаат.
3. Күчтүү материалдык-техникалык база.

| |
|---|
| 4. Чет тилдерди терендетип окутуу.<br>5. Бардык окуучулар үчүн бирдей шарттын болушу (ОВЗ)<br>6. Кошумча билимдердин, атайы курстардын, ийримдердин стабилдүү иштеши. (шахмат, хареография, ЛФК, вокал, ИЗО, комуз, психология, 3D моделдөө, футбол)<br>7. Окуу китептери жана методикалык колдонмолор менен 95% жабдылышы<br>8. Интернеттин жеткиликтүүлүгү<br>9. Ар кандай долбоорлор менен иштешүү<br>10. Тышкы баалоонун өткөрүлүшү<br>11. Сапаттуу медициналык кызмат<br>12. Бардык окуучулардын ысык тамак менен камсыз болушу<br>13. Коомчулук тарабынан суроо-талаптын күчтүүлүгү<br>14. КАО, ЖОЖ менен тыгыз байланышы<br>15. Финансылык эмес көз карандылык |
| Алсыз жактар:<br>1. Орус тилдүү окуучулардын контингентинин көбөйүүшү . |

| | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | **3. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ** | |
| 3.1 | Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү | Педагогикалык кадрларды жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү билимине,тажрыйбасына жана квалификациясына карата конкурстук негизде алынат.Жумушка кабыл алууда эмгек келишими 3 айлык сыноо менен жамаатык келишим түзүлөт. Мектепте 47 мугалим эмгектенет, бардыгы жогорку билимдүү. ОТКнын жалпы педагогикалык жамааты билим берүүнүн мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү ( 0-I-II-III-баскычтар) программасын ишке ашырууга толугу менен комплектелген. Педагогдордун квалификациясы талапка | • Келишим<br>• Педагогикалык кадрлар боюнча маалымат<br>• Стимфонд жөнүндөгү буйрук<br>• Сыйлык фонду жөнүндөгү буйрук<br>• Инклюзивдик билим берүү КР Билим, илим министрлигин сыйлыгы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ылайык келет. Инклюзивдик билим берүү боюнча бардык мугалимдер тренингдерден өтүштү. "Санариптештирүү" IT технологияларды колдонуу, интерактивдүү сабактар темасында тренингге 40 мугалим катышты.<br>Психолгия боюнча "Башталгыч класста окуу көндүмдөрүн жакшыртууда мугалимдин жана ата-эненин ролу" темасында тренингге 35 мугалим катышты. ЮНЕСКОнун долбоору боюнча "Физика, химия сабактарында интерактивдик ыкмаларды колдонуу" темасында тренингге катышышкан. 3 мугалим "Айбилим" долбоорунун эксперттери, "Таалим-Форум" коомдук фонд .<br>Насаатчылык- педагогикалык тажрыйба менен бөлүшүнүн бир формасы. Азыркы күндө 3 жаш мугалим эмгектенет. 2 мугалим магистратурада окуйт. Үчөөнө тең тажрыйбалуу мугалимдерден насаатчы бекитилген. УБнын жетекчилери, мугалимдер окуудагы жетишкендиктер үчүн стимфонддон белгиленип турат. Андан тышкары SOS бюджеттен УБнын жетекчилерине, насаатчыларына, жакшы иштеген мугалимдерге окуу-тарбиядагы жетишкендиктер үчүн, ай сайын сыйлык фонду каралган. | • Сертификаттар КАО<br>• Тренингдин материалдары<br>• Насаатчыны бекитүү боюнча буйрук<br>• Квалификацияны жогорулатуу боюнча тиркеме |
| 3.2 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Билим берүүнүн катышуучулары үчүн түзүлгөн коопсуз чөйрө -бул ОТКнын имараттарынын абалы, инфраструктурасы, окуучулар менен мугалимдердин ден соолугунун абалы, мектеп менен ата-эне менен өз ара мамилеси, информациялык коопсуздук жана ар түрлүү топтогу балдар үчүн атайын шарттардын түзүлүшү. Бир сөз менен айтканда ОТК окуучу менен тарбиялануучунун керектөөлөрүн камсыз кылып, мүмкүн болушунча ар кандай коркунучтарды болтурбоого аракет кылат. Ал үчүн төмөнкүдөй иштер жасалган.<br>1. ОТК 2 имараттан турат. Бала-бакча 1998-ж, мектеп 2002-ж. курулган. Эксплуатациялык мөөнөттөрү 22-19 ж. Имараттын абалы- жакшы. Бардык санитардык-гигиеналык нормалар менен салынган. Жылуулук системасы эң жакшы иштейт, жылуу, жарык. Бардык окуу кабинеттери жана көмөкчү бөлмөлөр менен ысык, муздак суу менен камсыз | • Тех паспорт<br>• Жамааттык эмгек келишими<br>• Этика кодекси<br>• Балдарды коргоо саясаты<br>• Меню<br>• Тех.коопсуздук журналы<br>• Психологдун ОВЗ балдар менен иштөө планы (тизмеси, диагноздору) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | болгон. Өзгөчө кырдаалда коопсуздукту камсыз кылуу үчүн бардык шарттар бар.<br>2. Экологиялык коопсуздук боюнча ОТКнын жайгашкан аянты кенен. Шаардын түштүгүндө абасы таза парктар зонасында жайгашкан. Канализация, вентиляция талапка ылайык иштейт. Жылуулук температурасы $20^0$-$22^0$ С.(кыш мезгилинде). Территорияда бак-дарактар, гүлдөр тигилген. Бардык окуучулар, мугалимдер, кызматкерлер ысык тамак жана десерт менен камсыздалган. Тамактын менюсу баланын өсүүсүнө, ден соолугуна пайдалуу азыктардан түзүлөт. Бала-бакчада 4 маал тамак берилет.<br>3. Психологиялык жана информациялык коопсуздук. ОТКда ар бир окуучунун жана тарбиялануучунун психологиялык коопсуздугунун сакталышына зор көңүл бурулат. Психологиялык кызмат уюштурулган. Психолог тарабынан окуучулардын психологиялык абалынын деңгээли системалуу түрдө сурамжылоо, анкетирлөө, байкоо жолдору менен анализделип турат. о.э. "Балдарды коргоо" саясаты боюнча жобонун негизинде дискриминациясыз, зордук-зомбулуксуз, толеранттуу чөйрө түзүлгөн. Бир да мугалим, кызматкер жобону бузууга акысы жок. Эгерде кандайдыр бир окуя катталса, аны иликтөөчү атайын 3 адамдан турган команда иш жүргүзөт жана чечим кабыл алат. ОТКдагы ар бир окуучу,тарбиялануучу, мугалим, кызматкер жөнүндөгү маалыматтын купуялуугу сакталат. Себеби ишке орношу учурунда тийиштүү документтерге кол коюулат. ОТКда мүмкүнчүлүгү чектелген 15 окуучу, бала-бакчада 5 тарбиялануучу бар. Алар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Психологиялык жардам, ЛФК уюштурулган.<br>4. Эмгекти коргоо, травматизмди алдын алуу, өрт кырсыгын жана техникалык коопсуздукту сактоо боюнча бардык эрежелер сакталат. Тиешелүү буйруктар, инструкциялар, кызматтык инструкциялар иштелип чыккан. Сабактын окуу жүктөмдөрү, сабактан тышкаркы окуу жүктөмдөрү, | • Психологдун иш планы<br>• «Балдарды коргоо саясаты» жобосу<br>• Статистика<br>• ОВЗ балдардын тизмеси<br><br>• Өрт техникалык коопсуздук журналы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | каникулдардын мөөнөттөрү мамлекеттик стандартка жана санитардык нормага ылайык келет. Бардык кызматкерлер жылына медициналык кароодон өткөрүлөт. Окуучулар тереңдетилген медициналык кароодон өткөрүлүп, сунуштар берилет. Ден соолукка зыяндуу заттар: тамеки, алкоголь, наркотикалык психотроптук заттар, энергетикалык суусундуктарды колдонбоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Окуу жылында 4 жолу ден соолук күндөрү өткөрүлөт. Ал иш чаралар дени сак улутту тарбиялоого жана сергек жашоого багытталат. Эгерде кырсык катталса, медициналык биринчи жардам көрсөтүү менен тез жардам чакырылат. Каникул учурларында ОТКнын ичи дезинфекциядан өткөрүлүп турат. Ата-энелер балдарын сабак аяктаганда өздөрү алып кетишет. Өзүнчө кетүүгө 6-класстан баштап уруксаат берилет. ОТКнын тегереги тосулган, видео көзөмөл аркылуу жалпы территорияда байкоо жүргүзүлөт. Коммуналдык кызматтарды аткаруу боюнча төмөнкү уюмдар менен келишим түзүлгөн: "Комтранском", "Бишкекводоканал", "Северэлектро". | • Эвакуация, эмгекти коргоо боюнча буйруктар, инструкциялар<br>• Сергек жашоо боюнча программалар (Табакокурение, СПИД, Алкоголь, Психотропные вещества, Энергетические напитки и.тд.)<br>• Коммуналдык келишимдер |
| 3.3 | Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу | Педагогикалык кадрларды жумушка кабыл алууда Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү билимине,тажрыйбасына жана квалификациясына карата конкурстук негизде алынат.Жумушка кабыл алууда эмгек келишими 3 айлык сыноо менен жамаатык келишим түзүлөт. Эгерде кызматкер 3 айлык сыноодон татыктуу өтсө, 1 жылга келишим түзүлөт. Ал келишим ар жыл сайын кошумча келишим менен узартылат. Мектепте 47 мугалим эмгектенет, бардыгы жогорку билимдүү. Жыл сайын бекитилген график боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бекитилген графиги боюнча мугалимдер билимин жогорулатууга барышат жана 5 жыл ичинде квалификациясын жогорулаткан мугалимдердин саны 100% түзөт. Инклюзивдик билим берүү боюнча бардык мугалимдер | • Келишим<br>• Кошумча келишимдер<br>• Тренингтин материалдары<br>• Сертификаттар<br>• Стимфонд жөнүндөгү буйрук<br>• Сыйлык фонду жнүндөгү буйрук<br>• Инклюзивдик билим берүү боюнча МОиНдин сыйлыгы<br>• Насаатчыны бекитүү боюнча буйрук, жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | тренингдерден өтүштү. Директор жана бала-бакчанын башчысы сертификатка ээ болушту. “Санариптештирүү” IT технологияларды колдонуу, интерактивдүү сабактар темасында тренингге 40 мугалим катышты жана ошол темада бул жылы дагы тренингдер улантылды.<br>Психолгия боюнча “Башталгыч класста окуу көндүмдөрүн жакшыртууда мугалимдин жана ата-эненин ролу” темасында тренингге 35 мугалим катышты. ЮНЕСКОнун долбоору боюнча “Физика, химия сабактарында интерактивдик ыкмаларды колдонуу” темасында тренингге катышышкан. 3 мугалим “Айбилим”, “Таалим-Форум” долбоорлорунун эксперттери .<br>Мектеп ичинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн окууга баруу графиги бекитилген. 2017-2018-окуу жылында 40 мугалим КАОнун 72 сааттык курсунан өткөн.<br>Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан пландаштырылган шаардык предметтик семинарлар,тренинг жана башка иш-чараларга катышат. Басма сөз булактарынан методикалык колдонмолорду пайдаланышат жана практикада колдонушат. Акыркы 5 жылдагы чеберчилигин жогорлатуу курсунан өткөн мугалимдердин саны 40, ал жалпы 85% түзөт.<br>Насаатчылык- педагогикалык тажрыйба менен бөлүшүнүн бир формасы. Азыркы күндө 4 жаш мугалим эмгектенет. 1 мугалим И.Арабаевада бакалавриат. 4нө тең тажрыйбалуу мугалимдерден насаатчы бекитилген. УБнын жетекчилери, мугалимдер окуудагы жетишкендиктер үчүн стимфонддон белгиленип турат. Андан тышкары SOS бюджеттен УБнын жетекчилерине, насаатчыларына, жакшы иштеген мугалимдерге окуу-тарбиядагы жетишкендиктер үчүн, ай сайын сыйлык фондду каралган, о.э. аларды Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүү системасы иштейт. | • Мугалимдердин усулдук колдонмолору<br>• Мугалимдердин жана тарбиячылардын билимин жогорулатуу боюнча перспективалык өнүгүү планы |

**Күчтүү жактар:**

1. ОТК профессионалдык денгээлдери эн жогору педагогикалык кадрлар менен толук камсыздалган.
2. Мугалимдердин профессионалдык квалификациясын жогорлатуу боюнча система жөнгө салынган.
3. ОТКнын финансылык көз караансыздыгы ар кандай педагогикалык жамаатын дегеле жалпы кызматкерлердин профессионалдык денгээлин жогорлатуу боюнча семинар-тренингдерди өткөрүүгө мүмкүнчүлук берет.

4. Мугалидер жетишерлик усулдук колдонмолор жана техникалык каражаттар менен камсыздалган.
5. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болушу 95% түзөт.!!!
6. Мугалимдерди мативициялоо боюнча ай сайын сыйлык фонду түзүлгөн.
7. Мугалимдерге SOS бюджеттен кошумча акы төлөнөт.
8. Класс жетекчилер окуучулар менен кошо акысыз тамактанышат.
9. Мугалимдердин бош убактысында спорттук иш-чаралар менен алектенүүсүнө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.(шейпинг, волейбол)
10. Бардык мугалимдер ОТКнын психологунун кызматынан пайдалана алышат.
11. Медициналык кызматтан пайдалана алышат.
12. Окуу жылынын аягында жумушундагы жетишкендиктери жана кыйынчылыктары жөнүндө администрацияга кайрыла алышат.
13. Мугалимдер эмоциялык жактан кыйналганда (эмоциональная выгорания), аны жеңилдетүү үчүн ар кандай иш-чаралар өткөрүлот.

**Алсыз жактар:**

1. Жаш мугалимдердин аз келиши
2. Өзгөчө тарбияга жана билим алууга муктаж болгон окуучулардын коп болгондугуна байланыштуу мугалимдин эмоционалдык абалына көбүрөөк көңүл буруу талап кылынат.

## 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу | ОТК бала-бакчасы 1998-жылы, мектеп 2002- жылы салынган. 2 имараттан турат. Окуу имараттардын сакталышынын абалы жакшы деңгээлде. Бала-бакча 1 кабатуу, мектеп 2 кабаттуу кирпичтен салынган. Бала-бакчада 3 тайпанын ар биреөсү үчүн эс алуу жана уктоочу бөлмөлөр каралган. Ар бир тайпада 26дан тарбиялануучу бар. Алардын бардыгы керектүү эмеректер (кровать, стол, стул, ноутбук) менен жабдылган. Кошумча кызматтарды көрсөтүү үчүн музыкалык зал иштейт. Ал дагы толугу менен жабдылган (пианино, стол,стул, күзгүлөр). ОВЗ балдар үчүн ресурстук бөлмө уюштурулган. Ал дагы толугу менен жабдылган. Мектепте окуу кабинеттеринин саны -26.<br>Административдик, көмөкчү кабинеттердин саны-6<br>Медайымдын кабинети-1<br>Психологдун кабинети-1<br>ОВЗ балдар үчүн ресурстук кабинет-1<br>Сенсордук кабинет-1<br>Спорт зал-1, 2 кийинүүчү бөлмө (кыздар, балдар)<br>Ашкана-1, 160 балага ылайыкталган<br>Китепкана -1, 30 балага ылайыкталган | • Тех паспорт<br>• Кабинеттердин паспорттор<br>• Инвентардык китепче<br>• Сүрөттөр |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Компьютердик класс -1<br>Лабороториия (Физика, химия)-2<br>Футбол аянтчасы (сыртагы)-1<br>Баскетбол аянтчасы (сыртагы)-1<br>Класстагы окуучулардын саны-30дан ашпайт, чет тилдер (немец, англис, орус тилдери жана информатика) сабактары 2 топко бөлүнөт.<br>Азыркы учурда мектепте 716 окуучу окуйт. Ар бир окуучу керектүү эмеректер (парта, стул, кийим шкафтары) менен камсыздалган. Компьютерлердин саны-36, 8 окуучуга бирден компьютер туура келет.<br>Ноутбук – 37<br>Планшет -2<br>Видео-фотоаппарат-1<br>Документ камера-1<br>Принтер 3D- 3<br>Интерактивдүү досканын саны- 5<br>Проектордун саны- 12<br>Ксерокс-принтер-14<br>Телевизор -10<br>Интерактивдүү глобус-2<br>Спорт зал спорттук инвентарлар(волейбол, баскетбол топтору, шведская стенка, козел, теннис столдору ж.б.у.с. ), ашканага керектүү жабдыктар (идиш-аяктар, электро плиталар, идиш жуучу  кир жуучу автомат машиналар, муздаткычтар ж.б.), музыка кабинетинде рояль, синтезатор, музыкалык аппаратуралар, концерттик костюмдар, сүрөт сабагына мольберт-планшет-15 менен жабдылган.<br>Окуу кабинеттери принтер, проектор, ноутбуктар жана окуу эмеректери менен жабдылган.<br>Өрт өчүрүүчү каражаттары: 14 огнетушитель, сигнализация ж.б. менен жабдылган.<br>ОТКнын материалдык-техникалык базасы талапка ылайык келет. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардыкэпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери) | Мектеп 2002-жылы курулган, бала-бакча 1998-жылы SOS kinderdorf кайрымдуулук фонду тарабынан курулган.Мектеп типтүү 2 кабаттуу имарат, 24 класстык бөлмө бар, абалы жакшы,заманбап спорт зал, короолонгон жана жарыктандырылган футбол аянчасы, баскетбол аянтчасы, чуркоо аянтчасы, китепкана, музыка кабинети жана ашкана бар. (Спорт зал спорттук инвентарлар, ашкана керектүү жабдыктар, музыка кабинетинде рояль, синтезатор, музыкалык аппаратуралар, концерттик костюмдар, сүрөт сабагына мольберт-планшет-15 менен жабдылган.<br>1.Мектептин ашканасы -160 орундуу, толук шарт түзүлгөн. 0-11-класстын 680 окуучусуна ысык тамак уюштурулган. Ар бир окуучуга SOS бюджеттен 45 сом каралган. Тамактын менюсу окуучуларды калориялык тамак менен камсыз кылуу үчүн санитардык нормага ылайык түзүлөт. 3 ашпозчу, 2 ашпозчунун жардамчысы иштейт.<br>2.Медициналык кабинет бар. Кабинетте муздаткыч, кушетка, ростомер жана медициналык препараттар, дары-дармектер бар. Жыл сайын окуучулар терендетилген медициналык кзөмөлдөн өтөт. Медсестра иштейт.<br>3.Психология кабинети бар. Ноутбук, принтер, методикалык адабияттар, оюнчуктар менен жабдылган.<br>Психолог иштейт.<br>4.Бала-бакчада логопеддин штаты каралган. Логопед иштейт. Майып балдар (ЛОВЗ) үчүн эс алуучу жана ресурстук бөлмө иштейт. Бардык керектүү каражаттар менен жабдылган. | • Техпаспорт<br>• Өрт коопсуздугу боюнча актылар<br>• Инвентардык китеп<br>• Психолог менен мед.айымдын функционалдык милдеттери, графиги<br>• Сүрөттөр<br>• Мумкүнчүлүгү чектелген балдардын тизмеси |
| 4.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу | ОТКнын материалдык-техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарынын ишин жакшыртуу боюнча стратегиялык план кабыл алынган. Ал планга жыл сайын өзгөртүүлөр, кошумчалар киргизилип турат. Акыркы 5 жылдын ичинде 2015-2020-жылга кабыл алынган пландар дээрлик толугу менен аткарылды. Быйылкы окуу жылында 2020-2025-жылга чейинки жаны стратегиялык план кабыл алынды. Анын негизинде ар бир окуу | • 2015-2020-о.жылдары үчүн түзүлгөн стратегиялык планы<br>• 2019-2020-о.ж. өнүгүү планы<br>• Инвентардык китеп |

жылы өнүгүү планы иштелип чыгат. Ар жылы бюджетти талкуулоо жүргүзүлөт.

Материалдык- техникалык базаны жакшыртуу боюнча 5 жылдын ичинде көп иштер жасалды:

- ОТКнын өрт коопсуздугу боюнча системасы толугу менен кайра жасалды.
- Бала-бакчага, мектепке видео көзөмөл коюлду.
- Жаңы муундагы компьютерлер, ноутбуктар сатылып алынды.
- 4 интерактивдик такта коюлду.
- 14 проектор коюлду.
- 3 окуу кабинеттин, китепкананын эмеректери жаныртылды.
- Ашканага жаңы электр плита, идиш жуучу машина, жаңы идиш аяктар сатылып алынды.
- Спорт залга 2 шведдик стенка, спорттук шаймандар сатылып алынды.
- Музыкалык аппаратура, синтезатор сатылып алынды.
- Метод кабинетине 4 шкаф, 3 кондиционер алынды.
- Футбол, баскетбол, чуркоо аянтчасы жасалды.
- ОВЗ балдар үчүн ресурстук жана эс алуучу бөлмө уюштурулуп, керектүү жабдыктар менен камсыздалды.
- 20 класстын парта, стулдары ремонттолду
- Окуучулардын шкафчиктери оңдолдуу
- Пандус, дааратканалар майып балдар үчүн ылайыкташтырылып жасалды.

Стратегиялык планга ылайык 2015-2020-жылга чейин, быйылкы окуу жылынын аягына чейин:

- Китепкананы компьютерлештирүү, электрондук китептер менен камсыз кылуу
- 6 кабинетке проектор коюу
- Кошумча видео көзөмөл коюу
- Окуу китептер менен камсыздалышын 100%га жеткирүү
- Бала-бакчанын оюн аянтчасын реконструкциялоо
- Бала-бакчанын полдорун, терезелерин, дааратканаларын алмаштыруу жана чатырын кайрадан оңдоп-түзөө. Кошумча керебеттерди алуу, жууркан, шейшептерди алмаштыруу. Кошумча жашылдандыруу.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Эмгек кабинетин уюштуруу<br>• Метод кабинетти заманбап техника менен жабдуу<br>• Сабактардын банкын түзүп дисктерге жазуу<br>• COVID-19 оорусун алдын алуу үчүн окуучулардын таза абада көбүрөөк болушу үчүн сабактарды (сүрөт, ТТКН,география, биология, шахмат, комуз )өтүүчү жайкы беседка салуу.<br>• COVID-19 оорусун алдын алуу үчүн электросулгулөрдү, кварц лампочкаларын ар бир кабинетке орнотуу.<br>• ОТКнын тегерегин кошумча жашылдандыруу.<br>• Сугат системасынын жок болгондугуна байланыштуу, суу тартыштыгы жаралгандыктан аны топтоо системасын киргизүү. | |

**Күчтүү жактар:**

- ОТКнын мат-тех базасы жетиштүү денгээлде жабдылган. Мугалимдер IT технологиянын бардык усулдары менен иштөөнү билишет.
- Окуучулардын толук кандуу билим жана тарбия алышына шарттар түзүлгөн.
- Ата-энелер тарабынан өтө күчтүү колдоо бар.
- ОТКнын мат-тех базасынын колдонулушуна жана сакталышына инвентаризация өткөрүлүп, өтө катуу көзөмөл жүргүзүлөт.
- Жыл сайын көз карандысыз аудит өткөрүлөт.
- Проекттер менен иштөө жолго коюлган.

**Алсыз жактар:**

- Мамлекеттик стандарттар боюнча чыгарылган китептердин өз учурунда сатыкка кеч чыгышы.

**3. Корутунду:** SOS Герман Гмайнер ОТКсы ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан күчтүү материалдык-техникалык базасы бар, уникалдуу педагогикалык усулу бар, күчтүү педагогикалык жамаат иштеген мекеме.

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органда программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрагасы: ____ Кеңешбаев С.Б.

Комиссиянын мүчөлөрү: ____ Низамиева Н.С. ____ Артыкпаев Д.С.

____ Кожокеева Э.Т. ____ Актанова Г.Дж.

____ Джанузбаева А.Б. ____ Усенова М.Ш.

____ Каримова Ж.С.А

____ Айтбаева Ч.С

____ Усманова Г.А